К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ
БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТТЕРИНИН
ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК БАСЫЛМАСЫ

Белгилүү тилчи-лексикограф К.Карасаевдин
110 жылдык маарекесине арналат





КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

21
2012

КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

21. 2012

К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТТЕРИНИН ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК БАСЫЛМАСЫ

Журнал 2000-жылы негизделген

Башкы редактор

А. ИМАНОВ

Филол. ил. доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары

С. ИСКЕНДЕРОВА

Филол. ил. доктору, профессор

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

Ж.ОСМОНОВ, С.Б.БЕГАЛИЕВ, М.Т.САДЫРОВ, А.И.МУСАЕВ, Л.У.УКУБАЕВА, Т.О. ОРУНБАЕВ, А.О. ОРМОНБЕКОВА

ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

А.АБДЫКЕРИМОВА, А.А.АКМАТАЛИЕВ, С.О.БАЙГАЗИЕВ, К.Ж.БАЙЖИГИТОВ, Т.Т.ТОКОЕВ, Б.Ө.ОРУЗБАЕВА, А.О.ОСМОНКУЛОВ, А.Т.ТУРСУНОВ, Б.Ш.УСУБАЛИЕВ, Ж.Т.ЧЫНАЕВ, С.К. КАРЫМШАКОВ, Т. САДЫКОВ, Ж. ЖУМАЛИЕВ, Ф. КАДЫРКУЛОВА

Басылма ээси

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

МАЗМУНУ

ТИЛ ИЛИМИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

Урматтуу меймандар 4
Жумалиев Ж. Ааламы кең мударис 5
Карымшакова А. Паремиялардын тутумундагы сан атоочтор жана алардын колдонулуш өзгөчөлүктөрү 7
Исмаилова Ж. Өсүмдүктөрдүн түрк тилинде изилдениш абалы 11
Абдразакова Г.Ш. Заттык маанини туюндурган (субстантивдешкен) лексемаларга семантикалык анализ 14
Хурибаева Э.Г. Кыргыз тилинин түштүк говорлорунун пахтачылык лексикасынын калыптанышындагы көп маанилүүлүк 17
Ergün KOCA. ESKİ UYGUR TÜRKÇESİ METİNLERİNDEKİ YANSIMA SÖZCÜKLER ÜZERİNE 19
Абдуллаева А.К. Кыргыз тилинде куттуктоонун берилиш өзгөчөлүктөрү 23
Мурзалиева А.Ш. Сын атоочтордун эстетикалык функциялары 25
Алтаева Д. Жардамчы атоочтордун изилдениш абалынан 28
Маматова К.Б. Методы и приемы обучения диалогическому высказыванию в английском языке 30
Осман Чигдем. Түрк тилинде сүйлөгөндөргө кыргыз тилин үйрөтүүдө окшоштуктардан пайдалануу (I) 33
Шаршенбек к. Н. Вежливость как регулятор межкультурной коммуникации 37
Макишов С. Lexical semantic comparison of somatic idioms in English and Kyrgyz languages 40
Маматова К.Б. Общедидактические принципы обучения иностранному языку 42
Шаимкулова Р. Өзгөн урбониминин негизги компоненти жөнүндө 46
Шаршенбек кызы Н. Ценностный характер оценки вежливости 47
Абдуллаев Д.Ш. Чаткал топонимиясынын калыптануусундагы тарыхый шарттар 49
Тузжу Керим. Кыргыз жана түрк тилдеринде тууранды сөздөрдүн негизинде пайда болгон омонимдер 51
Көчөрова Г. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы чыйрак, бышык, чыдамкайлык сапаттарга байланыштуу туруктуу айкалыштардын маанилик бөтөнчөлүктөрү 53
Шаршембиева К.С. Кыргыз тилиндеги омоним, синоним, антоним мүчөлөр 54
Абдыраева Ч.Т. Кыргыз тилиндеги фразелогизмдерди изилдөөдө окумуштуулардын кошкон салымы 56
Zafer Altun. DEYİM VE DEYİMLERİN TARİHİ SÜREÇ İÇİNDEKİ GELİŞİMİ VE DEĞİŞİMİ 58
Ариф Дуран. Бир муундуу зат атоочтордун лексика-семантикалык топтору 61
Мурзабаева Ч., Касымбекова Н.Ж. Элдик мугалим 64
Алишова М.К. Котормодогу тилдик дүйнө таанымды семиотикалык белгилер аркылуу иликтөө 65
Шабданалиев Н. А. Тууранды жана элестүү тууранды сөздөр 67
Апсаматова А.Ж. Языковое строение, функционирование и пути передачи каламбуров разных видов 70
Жалилова Н.К. Шалы чарбачылыгына байланыштуу лексика 72
Нежмеддин Айдын. Түркологиянын көз карашы менен үнгу проблемасы 74
Саргашкаев Ж.А. Кыймыл этиштеринин валенттүүлүгү 76
Рыскулова Г. Сүйлөшүү информация алмашуу катары адамзатына кызмат кылат 78
Соодонбекова З.С. Кыргызские сказки и их применение на уроке английского языка 80
Хурибаева Э.Г. Сөз жасоонун морфологиялык жолу менен жасалып пахтачылыкка тиешелүү болгон сөздөр 81

ын эртең менен саат жетиде ишке кетет. Ал эми түрк тилинде бул мисалдар төмөндөгүчө берилет: Her yemekten sonra dişlerimi fırçalarım. Babam her sabah saat yedide işe gider. Emre çok güzel futbol oynar.

2. Түрк тилиндеги Geniş zamanın терс формасы арсар келер чактын терс формасына туура келет. Geniş zamanın olumsuz eki -maz, -mez. 1.tekil kişide –mam, -mem.1.çoğul kişide –ız, -iz ekleriyle yapılır. Örnek: Mehmet, boksu sevmez. Kış mevsiminde üzüm olmaz. Babam, sigara içmez. Ben türkçe iyi bilmem. Bizim öğrenciler, yalan söylemezler[2]. Бул мисалдарды кыргызча которсок: Мехмет бокстy сүйбөйт. Кыш мезгилинде жүзүм болбойт. Атам, тамеки чекпейт. Мен түркчө жакшы билбейм. Биздин студенттер жалган сүйлөшпөйт.

Ошентип, кыргыз жана түрк тилинин келер чагынын жалпылыктары катары эки тилде тең келер чак кыймыл-аракеттин келечекте болорун, терс формалары –ma, -me, -бай жана жак мүчөлөрү аркылуу уюшулат. Ал эми айырмачылыктары катары кыргыз тилинде келер чак экиге айкын келер чак жана арсар келер чак болуп бөлүнөт, түрк тилинде болсо келер чак бөлүнбөйт. Түрк тилинде келер чактык маанини туюндурган Geniş zaman деген чакка туура келээрин баамдадык. Ошондой эле Geniş zaman айкын келер чактагы адаттанган, көнүмүшкө айланган кыймыл-аракетти билдирерин мисалдар менен далилдөөгө аракеттендик. Дагы бир айырмачылыгы катары арсар келер чактын терс формасына Geniş zamanın olumsuz eki - maz, - mez мүчөлөрү дал келээрин айтсак болот. Биз, ошентип кыргыз жана түрк тилинин келер чагынын жалпылыктарын жана айырмачылыктарын аз да болсо талдоого алдык.

Адабияттар

1. Adım Adım Türkçe Ders kitabı -3, Ankara, 2003.
2. Азыркы кыргыз адабий тили. - Б., 2009.
3. Gökkuşağı Türkçe Dil bilgisi – 1, İstanbul, 2005.
4. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили.- Ф., 1980.
5. Dil Bilgisi – 1, Ankara, 2001.
6. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. -Ф., 1980.
7. Сагынбаева Б. Түрк тили. – Б., 1999.

Керим Сарыгул,
Кыргыз-Түрк «Манас» университети

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗ БАЙЛЫГЫНЫН КАТЕГОРИЯЛЫК (СӨЗ ТҮРКҮМДҮК) МААЛЫМАТ БАЗАСЫН ТҮЗҮҮ

Кандайдыр бир тилдин убакыттын керектөөлөрүнө жана технологиялык мүмкүнчүлүктөрүнө жооп берүүсү, түрдүү тармактарда эффективдүү колдонулушу тилчилер менен колдонуучулардын көз карашынан алганда, аткарыла турган иш-аракеттердин үч баскычтан турары анык болот:

1. Өркүндөтүлгөн сөздүк маалымат базасын түзүү;

2. Тилдик эрежелердин негизинде алгоритмдерди жана диаграммаларды түзүү;

3. Программаларды түзүү.

Сөздүк маалымат базасы түзүлүп жатканда, сөздөрдүн бардык өзгөчөлүктөрү эске алынып, колдон келишинче көп тармактуу маалымат базасы даярдалууга тийиш.

Тилдик эрежелерге негизделген алгоритмдер жана диаграммалар тилчи-окумуштуулар тарабынан түзүлүшү керек. Анткени алар тилдин табиятын мыкты билгендикген, алгоритмдерди да ошого жараша түзүшөт.

Сөздүк маалымат базасы жана алгоритми даярдалган кандайдыр бир тил бардык керектөөлөргө жооп бере алат. Андан кийинки иш-аракетте программалоону мыкты жүргүзүү гана калат. Ал эми программалоо алгоритмдердин коддоштурулуусу дегенди түшүндүрөт. Програмалоо иш-аракетин жүргүзүү учурунда компьютер адистеринен кеңеш алып туруу зарыл. Бир киши тилди, тилдин эрежелерин жана программалоо тилин мыкты билсе, өз керегине жараша каалагандай программа түзө алат. Тилекке каршы, эки тармактын бирин гана билген кишиден андай натыйжаны күтүү кыйын. Ушундан улам бул эки тармак жакшы программа түзүү үчүн тыгыз байланышта болушу керек.

Компьютердик лингвистика жана кыргыз тилинин маалымат базасы

Компьютер жана түрдүү автоматизациялык системалардын калыптанышы менен, адам баласынын мурдатан кол менен жасап келген бир топ иштери жаңы нукка түшүп отурат. Азыркы күндө компьютер технологиясын өз кызыкчылыктарына жараша колдонууга умтулган тармактардын бирине лингвистика да кирет.

Жалпы тил илими, лексикология, фонология ж.б. тил илиминин тармактары тез аранын ичинде компьютердик системаларга өткөзүлүшү керектигин мезгил өзү шарттады. Мына ушундай жагдайдан улам компьютер лингвистикасы менен программалоо логикасынын биримдигинен **«компьютердик лингвистика»** деп аталган жаңы тармак пайда болду. Түрк тилдеринин түзүлүшү программалоо тилдеринин логикасына ылайык келгендигин эске алсак, анда компьютердик лингвистиканын түрк тилдери боюнча бир топ өнүккөндүгү байкалуусу керек болчу. Азыркы учурга учурга чейинки иш-аракеттерге саресеп салганыбызда, абалдын биз күткөн натыйжаны бербегендигинин күбөсү болобуз.

Компьютердик лингвистиканын эң негизги керектөөсү **маалыматтык базаларга** багытталат. Керектөөлөргө ылайык маалымат базалары түзүлбөй туруп, компьютердик лингвистика жана электрондук лексикографиядан сөз кылуу мүмкүн эмес. Ушундан улам эң башкы максат маалымат базаларын түзүү экендигин аңдайбыз.

Өркүндөтүлгөн маалымат базаларын колдонгон программалардын функциялары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

• Кыргыз тили колдонулган бардык электрондук чөйрөлөрдү көзөмөлдөө. Анын милдети электрондук маалыматтардагы кыргыз тилине таандык материалдардын тууралыгын камсыз кылуу жана колдонуу учурунда колдонуучуларга эскертүү аркылуу кыргыз тилин эң мыкты деңгээлде билүүгө үйрөтүү;

• Колдонуучулардын маалыматка жетишүүсүнө, байланышууга өбөлгө түзүү жана кандайдыр бир деңгээлде компьютер аркылуу тилдик стандартты пайда кылуу, маалыматтарды кампалоо;

• Колдонулуп жаткан сөз байлыгынын өзгөчөлүктөрүн кеңейтип, байытууну камсыз кылуу менен, табигый тил процесси жана компьютердик лингвистиканын изилдөөлөрүн алдыга жылдыруу. Ал аркылуу сөздүк кору бай маалымат базасын, семантикалык жана формалык сөз түйүнүн түзүү;

• Сөздөрдүн түрдүү семантикаларын регистрациялоо;

• Сөздөрдүн колдонуу чөйрөсүн аныктоо;

• Үн чыгаруунун жандуу жана эл аралык фонетикалык эрежелерге жараша жазуу;

• Этимологиялык маалыматтардын убакыт жана мейкиндик абалдарына карай этимологиялык изилдөөлөр менен тилдин келечектеги абалына байланыштуу иш-аракеттерди жүргүзүү;

• Көп тилдүү чөйрөлөрдө колдонуу үчүн сөздөрдүн башка тилдердеги эквиваленттери менен байланыш түзө билүү;

• Кыргызчанын жана программалоо тилдердинин логикасын колдонуп, даярдала турган түрдүү программаларда тил үйрөнүү-үйрөтүү процессин ыкчамдаштыруу;

• Дистанттык тил үйрөтүүдө сынактардын, жазуулардын компьютерлер тарабынан текшерилип, сынак тапшыргандарга кайра анын натыйжаларын билдирүүнү камсыз кылуу;

• Текст анализдерин жүргүзүү, тексттердин тармактарын аныктоо, сөздүн жыштыктарын эсептөө жана алынган маалыматтардын тегерегинде текстти баалоо;

• Атайын сөздөрдү колдонуп, кыргыз тилинин эрежелеринин алкагында үлгү сүйлөмдөрдү түзүү, текст жаратуу;

• Автоматизациялык системалардын үн түрүндө берилген буйруктарды кабыл алуусун жана ошол буйруктардын негизинде иштөөсүн камсыз кылуу;

• Робот технологиялары үчүн программаларды түзүү жана аларды системаларга интеграциялап, кыргыз тилинин бул тармактарда да колдонулуусун ишке ашыруу;

• Лингвистикалык изилдөөлөргө булак болчу классификацияларды, категорияларды түзүү; маалыматтарды чыпкалоо (фильтрлөө);

• Кандайдыр бир максат боюнча изилдөө жүргүзө турган тилчилерге, лексикографтарга пайда алып келүүчү системалуу маалымат базаларын түзүү.

Жогоруда тизмектелген максаттар маалымат базасын түзүүнүн негизги максаттары болуп эсептелет. Мындан тышкары, ар түрдүү масштабдагы жүздөгөн программалар түзүлүп, колдонуудагы айрым программалар өркүндөтүлүшү мүмкүн. Түрк тилдеринин түзүлүшү, жалпысынан алганда, бири-бирине окшош болгондуктан, бир тил үчүн даярдалган программаны башка тилдердин үлгүсү үчүн да колдонуугa мүмкүнчүлүк түзүлөрүнө ишенебиз.

Бул иш-аракеттер лексикография, тилдик изилдөөлөр, тил үйрөтүү, текст анализи, котормо иш-аракети, автоматизация системасы, робот технологиялары, интернет ж.б. тармактарда активдүү түрдө колденула турган программалардын базасын түзмөкчү.

Кыргыз тилинин сөз байлыгынын формалык, категориялык, семантикалык жана функционалдык маалымат базасын түзүү

Кыргыз тилинин маалымат базасын түзүү негизги төрт багыт боюнча ишке ашырылмакчы:

1. Кыргыз тилинин сөз байлыгынын **формалык** маалымат базасын түзүү.

2. Кыргыз тилинин сөз байлыгынын категориялык (зат атооч, сын атооч, тактооч, ат атооч ж.б.) маалымат базасын түзүү.

3. Кыргыз тилинин сөз байлыгынын **тармактык** жана **семантикалык** маалымат базасын түзүү.,

4. Кыргыз тилинин сөз байлыгынын **функционалдык** маалымат базасын түзүү.

Бул жерде аты аталган өзгөчөлүктөрдүн ар бири өз-өзүнчө маалымат базаларында иштелгендей эле, бардыгын бир жерге топтоштуруруга да мүмкүн болот. Анткени тилди жалпысынан бирдиктүү кароо үчүн бардык өзгөчөлүктөрдү бир программага камтуу чындыгында эле компьютердик лингвистиканын ишин бир топ жеңилдете алат. Эми кыргыз тилинин сөз байлыгынын категориялык маалымат базасы эмнелерди камтый тургандыгы, кандай өзгөчөлүктөргө ээ болушу керектиги, кандайча даярдала тургандыгы жана маалыматтарды киргизүү кайсы принциптердин негизинде ишке ашырыла тургандыгы тууралуу сөз кылалы.

Сөздөрдүн категориялык (сөз түркүмдүк) маалымат базасы

Бир тилдин сөз байлыгынын маалымат базасы түзүлүп жатканда, эң маанилүү баскычтарынын бири сөз категорияларын аныктоо болуп саналат. Бул тармак лексикографиялык жактан да, компьютердик лингвистика жагынан да чоң мааниге ээ. Мисалы, кандайдыр бир иш-аракеттин алкагында маалымат базасындагы атооч сөздөргө автоматтык түрдө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн жалгоо зарылчылыгы жаралса, система базадагы сөздөрдүн категорияларын изилдеп, алардын ичиндеги атооч сөз катары киргизилген сөздөрдүн баарына эрежелерге ылайык биз талап кылган мүчөнү кошуп чыгат да, натыйжаларды экранга сунуштайт. Сөздөрдүн үстүндө мындай иш-аракеттерди чексиз түрдө жүргүзүүгө болот. Андыктан сөздөрдү маалымат базасына киргизерден мурда, өтө кылдаттык менен алардын категориялары аныкталууга жана сөздөрдү кошуу терезеси ошого жараша даярдалууга тийиш.

Кыргыз тилинде төмөнкүдөй сөз түркүмдөрү бар:

1. Зат атооч, **2.** Сын атооч, **3.** Сан атооч, **4.** Ат атооч, **5.** Этиш, **6.** Тактооч, **7.** Сырдык сөз, **8.** Тууранды сөз, **9.** Жандооч, **10.** Байламта, **11.** Бөлүкчө [Токтоналиев К. Т., Бектемирова Ч. А., Шералиев Д. Ш., Токоев Т. Т., 1996, 53,54-б.]

Кыргыз тилиндеги сөздөр биринчи кезекте чоң эки топко бөлүнөт.


1. **Маани берүүчү же негизги сөздөр;**
2. **Кызматчы сөздөр.**

Маани берүүчү же негизги сөздөр өз ара төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт: 1. зат атооч, 2. сын атооч, 3. жан атооч, 4. ат атооч, 5. этиш, 6. тактооч.

Кызматчы сөздөргө: жандоочтор, байламталар, бөлүкчөлөр кирет.

Өзгөчө сөз түркүмү катарында **сырдык сөздөр** менен **тууранды сөздөр** эсептелет. Жогоруда көрсөтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн тышкары, башка түрк тилдериндегидей кыргыз тилинде да өзүнчө бир топ болуп эсептелген **модалдык** сөздөр да бар.[Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 263, 264-б.].

Жогорку маалыматтардын натыйжасында төмөнкүдөй схема пайда болду.




Мындай классификациялардын схема түрүндө берилиши маалымат базасын түзүү иш-аракетин бир кыйла жеңилдетет.

1. Маани берүүчү сөздөр [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 268-274-б.]

Зат атооч

Жогорку схеманы эске алып, зат атооч сөздөрдү маалымат базасына киргизип жатканда, төмөнкүдөй сөз кошуу формасын кошо түзүүбүз кажет. Бул формада зат атоочтордун абстракттуу же конкреттүү, жалпы же энчилүү зат экендиги белгиленет.




кошула турган сөз


Сөз түркүмдөрү

Зат атооч		Конкреттүү	Абстракттуу	башка
	1. Сыпат ат	Жамдама зат атооч	Буюмдук зат атооч
	2. Энчилүү ат	1. Адамдын аты 2. Айбан. коюл. ат 3. Географиялык ат. 4. Астрономиялык ат. 5. Китеп, газета, журнал ат. 6. Тарых. окуя, мамлекет, мекеме, орган ж.б ат	

Сын атооч [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 322-328-б.]




Түзгөн схеманын алкагында сын атоочторду базага киргизүү боюнча төмөнкүдөй форма колдонушубуз керек.




Ушул форма аркылуу маалымат базасына сөздөрдү киргизгенде, сын атоочтор деталдуу түрдө базага кошулуп, түрдүү колдонулуштары жана лингвистикалык изилдөөлөрү үчүн даяр абалга келип калат.


Сан атооч [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 334-348-б.]




Жогорку схема аркылуу сан атоочторду маалымат базасына киргизип жатканда, төмөнкү форманы колдонушубуз керек.



Ат атооч [Токтоналиев К. Т., Бектемирова Ч. А., Шералиев Д. Ш., Токоев Т. Т., 1996, 7173-б.]



Пайда болгон бул схемага жараша маалымат базасына сөз киргизүү экраны төмөнкүчө болот.



Тактооч [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 368-376-б.]

Тактооч

Мофологиялык түзүлүшү

- тубаса тактоочтор
- туунду тактоочтор

Лексика-семантикалык жактан

1. Бышыктагыч тактоочтор
1. Мезгил бышыктагыч тактооч
2. Орун бышыктагыч тактооч

2. Аныктагыч тактоочтор
1. Сын-сыпат аныктагыч тактооч
2. Сан-өлчөм аныктагыч тактооч

Жогорку схеманы сөз кошуу формасына айландырганда, төмөнкүдөй жаңы форма пайда болот.

кошула турган сөз		
Тактооч	тубаса тактоочтор	туунду тактоочтор
	Бышыктагыч тактоочтор	Мезгил бышыктагыч тактооч
		Орун бышыктагыч тактооч
	Аныктагыч тактоочтор	Сын-сыпат аныктагыч тактооч
		Сан-өлчөм аныктагыч тактооч

Этиш [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 377-390-б.]

Этиш

- Жөнөкөй этиш
- Татаал этиш
- Негизги этиш
- Жардамчы этиш
- тубаса этиш
- туунду этиш

Жогорку маалыматтардын негизинде пайда болгон схема боюнча маалымат базасына сөз кошуу терезеси төмөндөгүдөй болмокчу.

кошула турган сөз		
Этиш	Жөнөкөй этиш	Татаал этиш
	Негизги этиш	Жардамчы этиш
	Тубаса этиш	Туунду этиш

2. Кызматчы сөздөр

Жандооч [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 484-490-б.]

Жандооч

1. Атооч жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
2. Барыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
3. Табыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
4. Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор

Бул схема боюнча төмөнкүдөй сөз кошуу формасын түзүү талап кылынат.

кошула турган сөз

Жандооч
- 1. Атооч жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
- 2. Барыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
- 3. Табыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор
- 4. Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор

Байламта [Токтоналиев К. Т., Бектемирова Ч. А., Шералиев Д. Ш., Токоев Т. Т., 1996, 93-95-б.][1]

Байламталар

1.Багындырбас байламталар
1. Байланыштыргыч байламталар
2. Ажыраткыч байламталар
3. Каршылагыч байламталар

2. Багындырма байламталар
1. Себеп-натыйжалаш байламталар
2. Шарттуу байламталар

Схеманы эске алып, сөз кошуу формасын түзгөнүбүздө, төмөнкүдөй жаңы форма пайда болот.

кошула турган сөз

Байламта
- 1.Багындырбас
  - 1. Байланыштыргыч байламталар
  - 2. Ажыраткыч байламталар
  - 3. Каршылагыч байламталар
- 2. Багындырма
  - 1. Себеп-натыйжалаш байламталар
  - 2. Шарттуу байламталар

Бөлүкчөлөр [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 496-506-б.]

Бөлүкчөлөр

Сыртқы түрүнө жана лексика-грамматикалык маанисине карай

1. Чыныгы Бөлүкчөлөр
2. Функционалдык Бөлүкчөлөр

Сүйлөм ичинде алган ордуна карай
1. Сөз алдында келүүчү бөлүкчөлөр
2. Сөз же сүйлөмдүн соңуна келүүчү б.
3. Эркин колдонулуучу бөлүкчөлөр

Маани жактан
1. Чектегич бөлүкчөлөр
2. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр
3. Сурама бөлүкчөлөр
4. Болжолдоо-суроо бөлүкчөлөр
5. Күмөндүү бөлүкчөлөр
6. жалыныч бөлүкчө
7. Күчөткүч бөлүкчөлөр
8. Тангыч бөлүкчөлөр

Үч топко өөлүнүп каралган өөлүкчөлөрдүн маалымат базасына кошуу формасы төмөнкүчө көрүнөт.

кошула турган сөз

Бөлүкчөлөр
- 1. Чыныгы Бөлүкчөлөр
  - 1. Сөз алдында келүүчү бөлүкчөлөр
  - 2. Сөз же сүйлөмдүн соңуна келүүчү б.
  - 3. Эркин колдонулуучу бөлүкчөлөр
- 2. Функционалдык Бөлүкчөлөр
  - 1. Чектегич бөлүкчөлөр
  - 2. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр
  - 3. Сурама бөлүкчөлөр
  - 4. Болжолдоо-суроо бөлүкчөлөр
  - 5. Күмөндүү бөлүкчөлөр
  - 6. жалыныч бөлүкчө
  - 7. Күчөткүч бөлүкчөлөр
  - 8. Тангыч бөлүкчөлөр

Тууранды сөздөр [Токтоналиев К. Т., Бектемирова Ч. А., Шералиев Д. Ш., Токоев Т. Т., 1996, 89,90-б.]

Тууранды сөздөр

- 1. Табыш тууранды сөздөр
- 2. Элестүү сөздөр
  - 1. Кыймыл-аракетке байланышкан элестин тездигин билдирүүчү сөздөр.
  - 2. Заттын сырткы көрүнүшү, кыймылы жөнүндөгү элестөөлөрдү билдирген сөздөр.

Жогорку маалыматтарды жана пайда болгон схеманы эске алганыбызда, маалымат базасына сөз кошуу үчүн төмөнкүдөй форма талап кылынарын байкайбыз.

кошула турган сөз

- Тууранды сөздөр
  - 1. Табыш тууранды сөз
  - 2. Элестүү сөз
    - 1. Кыймыл-аракетке байланышкан элестин тездигин билдирүүчү сөз
    - 2. Заттын сырткы көрүнүшү, кыймылы жөнүндөгү элестөөлөрдү билдирген сөз

Сырдык сөздөр [Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., 2010, 471-474-б.]

Сырдык сөздөр

1. Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр

1. Кубануу, ыраазы болуу
2. Кубаттоо, мактоо
3. Тан калуу
4. Өкүнүү, кайгыруу, кейүү
5. Коркуу, чочуу
6. Жактырбоо

2. Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр

1. Адамга карата
2. Айбанатка карата

3. Турмуш-тиричиликте Колдонулуучу сырдык сөздөр

Сырдык сөздөрдү маалымат базасына кошуу үчүн түзгөн сөз кошуу формасы төмөнкүдөй болмокчу.

кошула турган сөз

- Сырдык сөздөр
  - 1. Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр
    - 1. Кубануу, ыраазы болуу
    - 2. Кубаттоо, мактоо
    - 3. Тан калуу
    - 4. Өкүнүү, кайгыруу, кейүү
    - 5. Коркуу, чочуу
    - 6. Жактырбоо
  - 2. Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр
    - 1. Адамга карата
    - 2. Айбанатка карата
  - 3. Турмуш-тиричиликте Колдонулуучу сырдык сөздөр

Модалдык (кыялий-мамиле) сөздөр [Акунова А., Чокошева Б., Эшимбекова Г., 87-88- б.]

Модалдык сөздөр


Түпкү теги боюнча

- 1. Атооч үңгүлүү модалдык сөздөр
- 2. Этиш үңгүлүү модалдык сөздөр

маанилик белгилери боюнча

- 1. Ойдун чындыкка дал келүүсүн ырастап, кубаттап билдирүүчү модалдык сөздөр
- 2. Ойдун чындыкка дал келүүсүнө божомол, шектүүлүк, ыктымалдуулук маани берүүчү модалдык сөздөр

Бул маалыматтардын негизинде базага сөз кошуп жатканда, модалдык сөздөрдүн кошуу терезеси төмөнкүдөй формага ээ болот.



Кыргыз тилинин сөз байлыгы боюнча маалымат базасы түзүүдөгү эң маанилүү тармактардын бири катары категориялык маалымат базасы сөз түркүмдөрүнүн негизинде толугу менен эске алынып, сөздүк статьялардын өзгөчөлүктөрү бааланып, анын негизинде ар бир сөз түркүмү боюнча схемалары чыгарылды. Пайда болгон схемалардын негизинде базага сөз кошуу үчүн сөз кошуу формалары да түзүлдү.

Бул формалар аркылуу сөздөр базага кошулуп жатканда, кайсы сөз түркүмүнө таандык экендиги жана андагы өзгөчөлүктөр эске алынуусу керектиги тууралуу сунуштар айтылды.

Кыргыз тилинин сөз байлыгы үчүн электрондук чөйрөдө түзүлө турган маалымат базасы компьютердик лингвистика менен электрондук лексикографиянын өнүгүшүнө зор салым кошоруна ишенебиз.

Лингвистика, лексикография жана компьютер тармактарын бириктирүү үчүн алардын ар бирин мыкты билүү керек. Азыркы учурда программалоо тилдери менен лингвистика жаатында жогорку билимге каныккан адис-изилдөөчүлөрдүн саны чектелүү болгондуктан, бул нерсе көйгөй жаратууда.

Маселени чечип, компьютердик лингвистиканы мындан ары карай өркүндөтүү үчүн эки тармакта иш алып баргандар өз ара кызматташууга даяр болуулары кажет, же бир тармакта эмгектенгендер экинчи тармакты да өз кесибиндей мыкты өздөштүрүүгө милдеттүү. Ошондо гана болуп көрбөгөндөй натыйжаларга жетишилип, анын негизинде сансыз программаларды түзүп, тажрыйбалар артып, компьютердик лингвистика тармагында койгон максаттарга жетишүүгө болмокчу. Андан кийин робот технологиялары, автоматизациялык системалар, синхрондук котормо, текст анализи ж.б. тармактар компьютердик лингвистика жараткан бай тажрыйбадан пайдалана баштайт.

Ал үчүн университеттердин лингвистикага байланыштуу бөлүмдөрүндө программалоонун негиздери, алгоритмдер жана диаграммалар тууралуу сабактар берилип, азыркы күндүн талаптарына ылайык технологияларды кандайча колдонуу керектиги үйрөтүлүүгө тийиш.

Азыркы кылымды технологиянын кылымы деп эсептесек, анда бул чындыкты ар бирибиз далилдеп, тилибизди технологияга ылайыктап, аны эффективдүү колдонууга аракет кылууга милдеттүүбүз.

Адабияттар

1. AKSAN, Doğan, Her Yönöyle Dil Ana Çizgileriyle Dilbilim, TDK Yayınları, Ankara, 1998.

2. KAYMAZ, Ahmet, C# Programlama Dili ve Yazılım Tasarımı, Programlama İlkeleri, Papatya Yayınları, İstanbul, 2008.

3. Rodman R., Hyams N., Fromkin V., An Introduction To Language, Wadsworth Publishing Company, 2010.

4. Акунова А.,Чокошева Б., Эшимбекова Г., Азыркы кыргыз тили: Морфология, -Б., 2009.

5. Баранов, А. Н. Введение в прикладную лингвистику. -М., 2000.

6. Бовтенко М.А. Компьютерная лингводидактика: [Текст] Уч. пособие, -М: Флинта: Наука, 2005.

7. Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж. Азыркы кыргыз адабий тили. - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту. -Б., 2010.

8. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. -Б., 1997.

9. Токтоналиев К. Т., Бектемирова Ч. А., Шералиев Д. Ш., Токоев Т. Т., Кыргыз тили. -Б., 1996.

Нежмеддин Айдын,
Эларалык Ататүрк Ала-Тоо университети

ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ УҢГУ АТООЧТОРДОН ЖАСАЛГАН УҢГУЛАШ ЭТИШТЕР

Түрк тилдеринин сөздүк корунда этиштердин орду жана мааниси чоң. Этиш пикир алышуу, баарлошуу процессинде болсун, мейли аткарган синтактика-грамматикалык кызматы жагынан болсун ал сүйлөмдүн ядролук, структуралык борборун түзөт. Себеби, тилчи-окумуштуулар кайчы пикирде болушса да, көпчүлүк учурда ал сүйлөмдөгү башка сөз түркүмдөрүн өзүнө баш ийдирип, жөнгө салып турат. Этиш актанттык валенттүүлүк менен сүйлөмдө орун ала турган башка сөз түркүмдөрүн белгиленген шарттарда өзүнө баш ийдирет.

Түрк тилдеринде сөз жасоонун түрдүү жолдору аркылуу этиштер жасалат. Тектеш түрк жана кыргыз тилдеринде этиштин жасалышына атоочтордон этиш жасалгандыгын да көрсөтүүгө болот. Бул тектеш түрк тилдеринде сөз жасоо системасынын кандай күчтүү экендигин көрсөтөт. Маалым болгондой түркчө сөздөр морфологияда эң башта этиш жана атооч сөздөр деп эки чоң группага бөлүнгөн. Этиштин тышындагы баардык сөздөр атооч сөздөр деп эсептелип зат, сын, сан, ат атооч сөз түркүмдөрү ушул группанын ичинде кабыл алынган[1] (Түрк тилинде бул категорияга тактооч-